**УДК 94(575.2-13-25):314.15**

**Исакова Назира,**
**Сатарова Дилфуза,**
**Сулайманов Эртабылды**

# СУЗАК РАЙОНУ: КЫСКАЧА УЮШУЛУУ ТАРЫХЫ, УЧУРДАГЫ ЭТНОДЕМОГРАФИЯЛЫК ЖҮРҮМДӨР

**Исакова Назира,**
**Сатарова Дилфуза,**
**Сулайманов Эртабылды**

# СУЗАКСКИЙ РАЙОН: КРАТКАЯ ИСТОРИЯ ОБРАЗОВАНИЯ, СОВРЕМЕННЫЕ ЭТНОДЕМОГРАФИЧЕСКИЕ ПРОЦЕССЫ

**Isakova Nazira,**
**Satarova Dilfuza,**
**Sulaymanov Ertabyldy**

## SUZAKSKY DISTRICT: A BRIEF HISTORY OF EDUCATION, MODERN ETHNODEMOGRAPHIC PROCESSES

**Аннотация.** *Бул макалада авторлор тарыхый, тарыхый-публицистикалык, архивдик, статистикалык маалыматтарга таянуу менен Сузак районунун уюшулуу тарыхына жана учурдагы этнодемографиялык өзгөрүүлөргө сэреп салышты.*

**Өзөктүү сөздөр:** *Сузак, район, тарых, аймак, селолук совет, айыл округдары, калк, эл, этнос, демография, этникалык демография, калктын курамы*

**Аннотация**. *Авторы, опираясь на исторические, историко-публицистические, архивные и статистические материалы по современному*

*попробовали изложить историю образования Сузакского района района и происходящие в настоящее время этнодемографические процессы.*

**Ключевые слова:** *Сузак, район, история, аймак, сельский совет, сельский округ, население, народонаселение, народ, этнос, демография, этническая демография, состав населения.*

**Annotation**. *The authors, drawing on historical, historical-journalistic, archival, and statistical materials on contemporary history, have attempted to outline the history of the formation of the Suzak district and the ethno-demographic processes currently taking place there.*

**Keywords**: *Suzak, district, history, aimak, rural council, rural district, population, ethnicity, people, ethnic group, demographics, ethnic demographics, population composition*

**Кириш сөз**

**Сузак району** – Жалал-Абад областындагы административдик район. Батышынан жана түндүк батышынан - Базар-Коргон, чыгышынан - Өзгөн райондору, түндүк чыгышынан - Нарын облусу, түштүгүнөн жана түштүк-батышынан Өзбек Республикасы менен чектешет.

1989-жылдагы Бүткүл Союздук калк каттоо маалыматы боюнча райондо 13 айыл совети, 125 кыштак болсо, 2009-жылы – 13 айыл округу, 123 айыл катталып, ал эми 2022-жылдагы эл каттоодо – 13 айыл кеңеши, 130 айыл болгон. 2009-жылдагы эл каттоодо райондун аянты – 3019 чарчы км болсо, 2022-жылга карата, айрым жерлердин Жалал-Абад шаар кеңешинин карамагына берилишине байланыштуу, аянты – 2821 чарчы км, калкы – 263540 адамды түзгөн. Борбору – Сузак кыштагы.

Жаратылыш байлыгы болуп жаңгак-жемиш токою (Кара-Алма ж. б.) эсептелет. Кара-Алма токой чарбасынын ээлеген аянты 2741 га. Кыргызстандагы жемиш токойлордун 7,6% үлүшүн түзүп турат [ с. 26][i].

**Сузак районунун соңку жаңы тарыхынын уруnттуу учурлары.**

- 1917-жылдын декабрь айында Жалал-Абадда Совет бийлиги орногон;

- 1918-жылдын апрель айында Жалал-Абад аймагынын Дыйкан жана мусулман депутаттарынын кеңеши түзүлгөн;

- 1918-жылдын күз айларында Жалал-Абадда Мусулман депутаттары, жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттары менен бириккен;

- 1919-жылдын 4-октябрында Фергана областтык ревкому Кеңештерди жоюу, алардын ордуна ревкомдорду түзүү боюнча токтом кабыл алат. 1924-жылдын март айына чейин ревкомдор Совет бийлигинин кызматын аткарып келген.

- **1919-жылдын 30-ноябрында** Фергана областтык ревкомунун буйругу менен Жалал-Абад райондук революциялык комитети түзүлөт.

- 1920-жылдын 4-ноябрында Анжиян уезддик ревкомунун чечиминин негизинде Анжиян уезди 6 районго (Избаскен, Үч-Коргон, Коргон-Төбө, Султан-Абад, Базар-Коргон, Жалал-Абад) бөлүнгөн. Жалал-Абад районуна - Жалал-Абад, Көгарт, Чангент болуштуктары, б. а. Азыркы Сузак районунун аймактары кирген.

- 1920-жылдын 20-ноябрында Фергана облустук революциялык комитетинин № 11 буйругу менен Анжиян уездинин Жалал-Абад районунун Жалал-Абад болуштугу өз алдынча эки болуштукка бөлүнгөн: жаңыдан түзүлгөн Султан-Абад районунун Хан-Абад болуштугуна Хан-Абад, Бек-Абад жана 2-Сузак айылдык коомчулуктары кирген. Жалал-Абад болуштугунун карамагында Жалал-Абад, Чөкө-Дөбө жана Сузак коомчулуктары, Благовещенское,

Спасское, поселоктору калып, Жалал-Абад болуштугу Жалал-Абад районуна баш ийген.

- 1925-жылдын 6-июнунда РСФСР ВЦИКтин токтому менен борбору Жалал-Абад шаары болуу менен Жалал-Абад округу уюштурулуп, анын карамагына Базар-Коргон, Кетмен-Төбө, Кызыл-Жар жана Жалал-Абад райондору киргизилген. Жалал-Абад районунун курамында Жалал-Абад, Көгарт, Чангент болуштуктары болгон.

- ВЦИКтин 1926-жылдын 6-декабрындагы токтому менен Жалал-Абад округу Жалал-Абад кантону болуп өзгөртүлүп, борбору Жалал-Абад шаары белгиленген. Райондор болуштуктар болуп кайра түзүлүп, жоюлган 13 болуштуктун эсебинен ирилештирилип, чыңдалган. Жалал-Абад кантону 8 болуштуктан туруп, биз сөз кылып жаткан азыркы Сузак районунун аймагы ошол кездеги Жалал-Абад (борбору - Сузак айылы, курамында 6 сельсовет) жана Көгарт болуштуктарынан (борбору – Сафаровка айылы, курамында 23 сельсовет) турган.

- ВЦИКтин 1928-жылдын 10-декабрындагы токтому менен Ош жана Жалал-Абад кантондорун бириктирип ирилештирүүнүн негизинде Ош округу түзүлүп, мурунку болуштуктардын ордуна 10 район түзүлгөн. Жалал-Абад аймагы Жалал-Абад, Кызыл-Жар жана Базар-Коргон райондорунан турган.

- 1930-жылдын 1-сентябрында Кыргыз АССРинин БАКи округдар менен кантондорду жоюу, райондоштуруу тууралуу токтом кабыл алып, анын негизинде бардык райондор республикалык баш ийүүгө өткөн. Жалал-Абад аймагы үч райондон турган: алар – Жалал-Абад (курамында 12 сельсовет, 1 шаарсовет); Базар-Коргон (7 сельсовет) жана Кызыл-Жар (10 сельсовет) райондору.

- 1935-жылдын 8-февралында Кыргыз АССРинин Президиуму республикадагы райондорду ирилештирүү, айрымдарын жаңыдан түзүү боюнча № 8 токтомун кабыл алган. Ошентип, борбору Октябрьское айылы

болуп белгиленген Көгарт району түзүлүп, курамында 11 сельсовет, Жалал-Абад районунан бөлүнүп берилген 1 поссовет болгон. 1937-жылы Көгарт району Октябрь району деп аталган. 1959-жылдын 26-ноябрында жоюлуп, бардык аймагы Сузак районуна кошулган.

- Кыргыз ССРинин БАКинин Президиумунун 1938-жылдын 11-мартындагы токтому менен Жалал-Абад округу түзүлүп, ага курамына 10 район (Жалал-Абад, Октябрь, Базар-Коргон, Ленин, Үч-Терек, Кетмен-Төбө, Таш-Көмүр, Караван, Ала-Бука, Чаткал), Көк-Жаңгак жумушчу поселогу жана Жалал-Абад шаары кирген.

- Жогорку Советтин 1939-жылдын 21-ноябрындагы токтому менен (токтомдун 4- жана 6- пункттары) Жалал-Абад округу жоюлуп, анын ордуна курамы жогоруда аталган 10 райондон турган Жалал-Абад облусу уюштурулган. (Ведомости Верховного Совета СССР, 1939 г., № 38).

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Президиумунун 1940-жылдын 14-апрелиндеги Указы менен (Протокол № 24, § 49) Куйбышев, Димитров жана Каганович атындагы, ошондой эле Кызыл-Мехнат, Таш-Булак колхоздору Жалал-Абад шаарынын карамагына өткөрүлгөн. Ошону менен эле бирге (пункт 2) Жалал-Абад районунда Пахта-Абад жана Дыйкан сельсоветтери жоюлган.

- 1940-жылдын 28-апрелинде Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен (протокол № 24, § 1) Жалал-Абад району Сузак району деп аталып, борбору Жалал-Абад шаарынан Сузак айылына көчүрүлгөн.

- Жогорку Советтин Президиумунун 1944-жылдын 3-январындагы жарлыгы менен Ачы району түзүлүп, борбору Ачы айылы болгон. Анын курамына Базар-Коргон районунан Киров, Ачы жана Могол сельсоветтери, Октябрь районунан Кыз-Көл, Жылан-Темир сельсоветтери берилген.

- Жалал-Абад облустук аткаруу комитетинин № 307 (1954-ж., 3-июнь) чечими менен Ачы району жоюлуп, аймактары Сузак районуна берилген.

- СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1959-жылдын 31-январындагы Жарлыгы менен Жалал-Абад облусу жоюлуп, аймагы Ош облусунун карамагына өткөрүлгөн.

- Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Жарлыгы менен 1959-жылдын 30-декабрында Октябрь району жоюлуп, анын аймагы Сузак районунун курамына киргизилген.

- 1962-жылдын 30-декабрында Жалал-Абад шаар кеңеши түзүлүп, анын административдик карамагына Ленин районунан Көк-Таш, Кочкор-Ата шаарчалары, Сузак районунан Чаңгырташ шаарчасы киргизилген. 1965-жылдын 7-январында Жалал-Абад шаар кеңешинен Көк-Таш жана Кочкор-Ата шаарчалары кайрадан Ленин районуна, ал эми Чаңгырташ шаарчасы Сузак районуна кайтарылган.

- 1966-жылдын 4-июлунда Чаңгыр-Таш шаарчасына айыл жери категориясы берилип, Ак-Мечит (22.08.1966-жылдан – Кара-Дарыя) айыл кеңешинин курамына берилген.

- 1971-жылдын 21-октябрында (№ 140-У111) Сузак районунун курамына Өзбек ССРинин Анжиян облусунун Коргон-Төбө районундагы Түрк-Абад калктуу пункту кошулган.

- 1985-жылдын 23 июлунда (№ 411-Х1) Сузак районуна караштуу Ленин айыл кеңешинин Качкынчы, Көлмө, Кызыл-Кыргызстан, Кызыл-Суу, Төш-Кутчу, Тельман айылдары жаңыдан түзүлгөн Тайгараев айыл кеңешине берилип, Тайгараев айыл кеңеши Жалал-Абад шаар кеңешинин административдик карамагына өткөрүлүп берилген.

- Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Жарлыгы менен 1990-жылдын 14-декабрында (№ 263-Х11) “Кыргыз ССРинин облустук бөлүнүшүн

жакшыртуу жана жаңы райондорду түзүү жөнүндө” мыйзамынын алкагында Ош облусунан Жалал-Абад облусу бөлүнүп чыгарылган, анын курамына Ала-Бука, Базар-Коргон, Жаңы-Жол, Ленин, Сузак, Тогуз-Торо, Токтогул, Чаткал райондору жана Жалал-Абад, Кара-Көл, Көк-Жаңгак, Майлы-Сай, Таш-Көмүр шаарлары кирип, борбору Жалал-Абад шаары болуп түзүлгөн.

- 1999-жылдын 9-мартында (№ 25) “Көк-Жаңгак шаары менен Сузак районун бириктирүү жана Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Сузак районунун чек араларын өзгөртүү жөнүндө” Мыйзамына ылайык, Көк-Жаңгак шаары областтык маанидеги статусун сактап калуу менен Сузак районуна берилген.

- 2002-жылдын 10-июнунда (№ 93) “Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы 822 га жерди Жалал-Абад шаарына өткөрүп берүү жөнүндө" Мыйзам кабыл алынган.

- 2003-жылдын 8-сентябрында (№ 211) “Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Архангельск айылдык кеңешинин Архангельское, Дмитриевка, Люблинка айылдарын Жоонкүңгөй, Таран-Базар, Карачолок айылдарына өзгөртүү жана Сузак районунун Архангельск айылдык кеңешинин атын Курманбек айылдык кеңешине өзгөртүү жөнүндө” Мыйзам кабыл алынган.

- 2004-жылдын 19-мартында (№ 34) “Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин Спасовка айылын Акбаш айылы деп кайра атоо жана Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Кызыл-Туу айылдык кеңешинин жаңыдан түзүлгөн калктуу конуштарына Жаңычы, Мундуз, Кашка-Суу, Жашасын-2, Алчалуу, Кызыл-Алма, Талаа-Булак жана Таштак айыл айылдары атын берүү жөнүндө” Мыйзамы жарыяланган.

- 2018-жылдын 24-январында (№ 13) “Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Ленин айыл аймагынын Гавриловка айылын

Орто-Сай айылы деп, ... Фрунзе айылын Жыгач-Коргон айылы деп кайра атоо жөнүндө” Мыйзам кабыл алынган.

- 2021-жылдын 15-мартында (№ 32) “Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад жана Ош облустарынын айрым калктуу конуштарын айыл (айыл) категориясына киргизүү жөнүндө” Мыйзамына ылайык, Сузак районундагы Таш-Булак айыл аймагынын Жаны-Арал калктуу конушу айыл категориясына киргизилип, Жаңы-Арал айылы (5-берене), Ирригатор калктуу конушу – Ирригатор айылы (6-берене), Теплица калктуу конушу – Теплица айылы (7-берене), Чолок-Терек калктуу конушу – Чолок-Терек айылы (8-берене), Ынтымак калктуу конушу – Ынтымак айылы (9-берене) деп аталмай болду [1]

Сузак району боюнча туруктуу калк:

76300 (1959-ж.), 102042 (1970-ж.), 123567 (1979-ж.), 147911 (1989-ж.), 190209 (1999-ж.), 241198 (2022-ж.).

1989-жылдагы Бүткүл Союздук калк каттоодо Сузак району боюнча

147911 адам катталган болсо, анын ичинен: кыргыздар - 81498 (55,1%), өзбектер – 51240 (34,6%), орустар – 2519 (1,7%), татарлар – 481 (0,3%), тажиктер – 372 (0,3%), украиндер – 1083 (0,7%), түрктөр – 3783 (2.6%), уйгурлар – 303 (0,2%), күрттөр – 5301 (3,6%), азербайжандар – 87 (0,1%), немецтер – 617 (0,4%), казактар – 69 (0,1%), башкорттор – 55 (0,1%), корейлер – 15 (0.01%), мордва – 7 (0,01%) ж. б.

---

[1] ***Эскертүү**: 2012-жылдан тартып “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык(15.07.2011, № 101) айылдык округдар айыл аймактары деп аталат; Айылдык кеңеш (сельсовет) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы менен (05.05.1993) айыл кеңеш деп аталып келген. 2008-2011-жылдары айылдык кеңештер “Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (25.04.2008, №65) ылайык айылдык округдар деп аталган.*

**Сузак району боюнча айылдык жана шаар калкы:**

1970-ж. жалпы – 118159; а.и. шаар калкы – 16003 (13,8%), Айыл калкы – 102156 (86,2%);

1979-ж. жалпы – 141123; а.и. шаар калкы – 17281 (12,3%), Айыл калкы – 123842 (87,7%);

1989-ж.: жалпы – 167832; а.и. шаар калкы – 18928 (11,3%), Айыл калкы – 142904 (88,7%);

1999-ж.: жалпы – 200232; а.и. шаар калкы – 10743 (5,3%), Айыл калкы – 189489 (94,7%);

2009-ж.: жалпы – 220675; а.и. шаар калкы – 9276 (4,3%), Айыл калкы – 211399 (95,7%);

2022-ж.: жалпы – 241198; а.и. шаар калкы – 12234 (8,7%), Айыл калкы – 307107 (91,3%);

Райондо калктын саны да жыл санап өсүп бара жатат. Муну эгер 1989-жылы райондо 167832 адам жашаган болсо, 1999-жылы калктын саны 200232, 2022-жылы - 241198 адамга жеткендигинен байкоого болот.

Сузак – көп улуттуу район. Азыр (2022-жылдагы эл каттоо боюнча) райондо кыргыз (147662), азербайжан, армян, белорус, грузин, дунган, еврей, казак, корей, латыш, молдова, немец, орус (1061) тажик, татар, түрк (4654), күрт (1561) түркмөн, өзбек (83551), уйгур, украин, чечен, эстон ж. б. улуттардагы адамдар өмүр кечиришүүдө.

**Калкы** [ * 228-]

| Бардык калк: анын | Калктын саны | | | Жалпы калк ичиндеги үлүшү % |
|---|---|---|---|---|
| | Жалпы | Эркек | Аял | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ичинде | | | | |
| | 241198 | 121582 | 119616 | 100 |
| Кыргыз | 147662 | 74286 | 73376 | 61,2 |
| Өзбек | 83551 | 42342 | 41209 | 34,6 |
| Түрк | 4654 | 2411 | 2243 | 1,9 |
| Күрт | 1561 | 769 | 792 | 0,6 |
| Орус | 1061 | 488 | 573 | 0,4 |
| Азербайжан | 875 | 434 | 441 | 0,4 |
| Уйгур | 410 | 220 | 190 | 0,2 |
| Татар | 361 | 135 | 226 | 0,2 |
| Тажик | 319 | 161 | 158 | 0,1 |
| Хемшил | 254 | 126 | 128 | 0,1 |
| Казак | 171 | 67 | 104 | 0,1 |
| Украин | 128 | 61 | 67 | 0,1 |
| Ж. башка улуттар | 191 | 82 | 109 | 0,1 |

Табл. Шаардык жана айылдык туруктуу калктын аймактар боюнча саны (адам).

| жылдар / калк | 1989 | 1999 | 2009 | 2022 |
|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу: | 743279 | 869259 | 1009889 | 1292420 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| анын ичинен: | | | | |
| Шаардык калк | 221378 | 200752 | 228301 | 328047 |
| Айылдык калк | 521901 | 668507 | 781588 | 964373 |
| Сузак району: анын ичинен: | 166748 | 200936 | 241198 | 319341 |
| Шаардык калк (Көк-Жаңгак) | 18837 | 10727 | 10451 | 12234 |
| Айылдык калк | 147911 | 190209 | 230747 | 307107 |

Ошентип, Сузак районунун болгон калкы эл каттоолор аралыгында төмөндөгүдөй өзгөргөн: 1999-жылы 1989-жылга салыштырмалуу – 119,3%; 2009-жылы 1999-жылга салыштырмалуу – 110,2%; 2022-жылы 2009-жылга салыштырмалуу 119,4%. Анын ичинен, шаар калкы: 1999-жылы 1989-жылга салыштырмалуу – 56,8%; 2009-жылы 1999-жылга салыштырмалуу – 86,3%; 2022-жылы 2009-жылга салыштырмалуу – 118,3%. Айыл калкы: 1999-жылы 1989-жылга салыштырмалуу – 127,3%; 2009-жылы 1999-жылга салыштырмалуу – 111,6%; 2022-жылы 2009-жылга салыштырмалуу – 107,4%.

## Корутунду

Азыркы күнгө чейинки адабияттарда, энциклопедиялык басылмалардагы маалыматтарда [ * ] Сузак районунун уюшулуу мезгили 1928 - 1935- же 1940-жыл деп берилип келген болсо, биз бул датаны архивдик, тарыхый булактарга таянуу менен тактоого аракет кылдык. Ал - **1919-жылдын 30-ноябры.** Ушул жылы Жалал-Абад району түзүлгөн. Бул аймакта өз мезгилинде Ачы, Кара-Алма, Октябрь, райондору уюштурулганы

менен, кийинчерээк алардын аймактары Сузак районунун карамагына берилген. Ушул күндү азыркы Сузак районунун алгачкы негизделген күнү катары кабыл алсак болот, Сузактын жаңы тарыхы ушул күндөн башталат; Бул дата – районубуз бүгүнкү жаңыланган турмуштун алгачкы кадамын баштаган күн катары ар бир сузактык үчүн ыйык жана унутулгус күн; Демек, Сузак районунун башаты деп **1919-жылды** эсептөөгө негиз бар.

**Колдонулган адабияттар:**


**1.** Ведомости Верховного Совета СССР, 1939 г. №№ 36, 38 и др.

**2.** С.Болотов,С.К.Кенжебаев. Фисташники Южного Кыргызстана. – Жалал-Абад, 2008.

**3.** 2022-жылы Кыргыз Республикасынын эл жана турак жай фондун каттоо. 3-китеп (таблицаларда). Кыргыз Республикасынын региондору. Жалал-Абад облусу. Статистикалык жыйнак. – Бишкек, 2023, - 228 б. (Сайт: Stat.gov.kg/media/publicationarchive/d9413a08-625b-4e1b-80f7-13da2c0f6d8a.pdf).

4. Кыргыз жергеси. Энциклопедия (жер-суу аттары). – Фрунзе, 1990, 261-*

5. Кыргыз Совет энциклопедиясы. Т. 5. – Фрунзе, 1980, 455-*

6. Ошская область. Энциклопедия. – Фрунзе, 1987, 385-*

**7.** Сузак району: мезгил жана инсандар. Түзүүчүлөр: С.Стамбеков ж. б. – Бишкек, 2009.

8. Тарых издери. Страницы истории: Жалалабат 130 / Долбоор жетекчиси К.Базаркулов. – Бишкек, “Шам”, 2007, 256 бет.

**Авторлор тууралуу маалыматтар:**

Исакова Назира – Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун магистранты, ТМаг-1-24;

Naziraisakova933@gmail.com

Сатарова Дилфуза – Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун магистранты, ТМаг-1-24; satarovadilfuza3@gmail.com

Сулайманов Эртабылды Жолдошович – тарых илимдеринин кандидаты, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун профессору. sulertab@gmail.com